| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**АК-СУУ РАЙОНУ**<br><br>**ХАН-ТЕНИРИ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АК-СУЙСКИЙ РАЙОН**<br><br>**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ХАН-ТЕНИРИ** |

Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин 28-чакырылышынын
2- сессиясынын

# Т О К Т О М

**2024-жылдын 20-марты №_5_ Ново-Вознесеновка айылы**

**Хан-Тенири айыл аймагынын айыл өкмөтүн мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 29-декабрындагы №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесинин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген “Юридикалык жактарды жана филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө” Жобону жетекчиликке алып, Хан-Теңири жергиликтүү кенеши **токтом кылат:**

1. Төрт айыл өкмөтүнүн (Ак-Булуң айыл аймагынын айыл өкмөтү, Ак-Чий айыл аймагынын айыл өкмөтү, Боз-Учук айыл аймагынын айыл өкмөтү, Жыргалаң айыл аймагынын айыл өкмөтү) бириккендигине байланыштуу түзүлгөн “Хан-Теңири айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
2. Айыл өкмөттүн уюштуруу-укуктук формасы – мекеме.

жергиликтүү толук фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: “Хан-Теңири айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемеси;
- Расмий тилде: Учреждение “айыл окмоту айылного аймака Хан-Тенири”;

Айыл өкмөттүн кыскартылган фирмалык аталышы:

- Мамлекеттик тилде: “ Хан-Теңири айыл өкмөтү” м-и;
- Расмий тилде: У-е “ айыл окмоту Хан-Тенири”;

3. Мекеменин жайгашкан жери (юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ак- Суу району, Ново-Вознесеновка айылы, Арык Мырза көчөсү, үй №61.
4. Хан-Теңири айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Жобосу жаңы редакцияда бекитилсин.

5. Хан-Теңири айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн уюштуруучусу болуп Хан-Теңири айыл аймагынын жергиликтүү кенеши болот. Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ак-Суу району, Ново-Вознесеновка айылы, Арык Мырза көчөсү, үй №61. Регистрациялык номери- 300492-3302-У-е, ОКПО: 32658923, ИНН:00603202410518.
6. Ак-Чий айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн, Ак-Булун айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн, Боз-Учук айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн, Жыргалаң айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн өткөрүп берүү актылары бекитилсин.
7. "Хан-Теңири айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемесин Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Н.Байсаловага милдеттендирилсин.

Мамлекеттик каттоо жөнүндө чечимде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтерди маалыматтардын анык экендиги ырасталат.

**Төрага** **И.Алымжан уулу**